**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ БОЮНЧА УЛУТТУК КОМИССИЯ**
720017, Бишкек ш.,Бөкөнбаев көч., 182
тел: (0312) 31 58 40, факс:(0312) 31 58 15
www.mamtil.kg
э/э бюджет 4402051101012328
Ленин райондук казына бөлүмү
РСК Банк ААКы, Бишкек ш.,
БИК 440201
ИСН 02508199810152
ИУРК 22321584

**НАЦИОНАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ГОСУДАРСТВЕННОМУ ЯЗЫКУ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
720017, г.Бишкек, ул.Боконбаева, 182
тел: (0312) 31 58 40, факс:(0312) 31 58 15
www.mamtil.kg
Ленинский РОК
р/с бюджет 4402051101012328
ОАО РСК Банк г.Бишкек
БИК 440201
ИНН 02508199810152
ОКПО 22321584

06. 05. 2019 № 192-01

№ ______ ____________________

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине**

XXI кылымдын эң негизги феномендеринин бири - бул дүйнөлүк масштабда информациялык жана Интернет технологияларынын дүркүрөп өсүшү эсептелет. Бул технологиялык процесстердин өтө жогору деңгээлде өркүндөп өнүгүшү анын улам жаңыланып турушуна алып келип, ал өз кезегинде компьютердик технологиялардын жана анда колдонулуучу терминдерин адамдардын бардык иш-аракеттерине колдонулушуна алып келүүдө.

Ал эми учурдагы илим менен техниканын өнүгүү деңгээли тилдин заманбап процесстери аркылуу өзгөрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн анын жөнөкөйлөнүшүн окуп үйрөнүүнү, кыргыз тилинин мүмкүнчүлүктөрүн жаңычыл технологияларда колдонуу зор чыгармачылык потенциалдарды колдонууну талап кылат. Мына ошондой кадамдарды жасап жаткан Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин Жаңы информациялык технологиялар инстутунун Компьютердик лингвистика кафедрасы мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө, жайылышына, о.э.Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө, дегеле информациялык технологиялардын өнүгүшүнө салымы чоң.

Мамлекеттик тилди колдонуу аймактарын кеңейтүү, информациялык технологиялар аркылуу аны адамдын бардык иш-аракет областтарында интеграциялоо максатында, Котормонун маданий аралык байланыштары жана автоматташтырылган системалары кафедрасынын профессионалдык жамааты Windows 7 жана office 2010 программалык колдонмолорунун тил интерфейс таңгактарын кыргыз тилине англис тилинен которуп, Майкрософт корпорациясы аны ишке киргизди.

Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин Жаңы информациялык технологиялар институтунун аткарып жаткан иштеринин актуалдуулугу - бул айкалышкан жогорку деңгээлде мамлекеттик тилди өркүндөтүү жана азыркы заманбап окуу технологияларынын жалпы кыргызстандыктарга жана билим берүү мекемелерине мамлекеттик тилде киргизүү, аны колдонуп илим-билим изилдөөлөрү информациялык технологияларын колдонуу аркылуу ишке ашыруу эсептелет.

Ошондуктан, КМКТАУ даярдап жаткан 531200- Компьютердик лингвистика багыты бирден бир тилди маалыматтык технологияларында колдонууну, аны ошол технологияларда автоматтык иштетүүнү окутуп үйрөткөн университеттерден. Компьютердик лингвистика багыты боюнча студенттер жана магистрлер бул багыттагы алгылыктуу иштерди аткарууну улантып, жалпы коомубузга жана мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө чоң салым кошо берет деп ишенебиз.

**Төрага** **Н. Ишекеев**